Замирбек Тыныбеков
Римма Азарова

# ӨРНӨКТҮҮ ӨМҮР

2021

УДК 821.51
ББК 84Ки7-4
Т 93

*Зарылкан Азаровдун жаркын элесине арналат.*

Китептеги окуялар, басып өткөн жолу – байбичеси Токтобаева Уулбүбүнүн, балдарынын, ага-туугандардын, айылдаштардын жана башка досторунун, шакирттеринин эскерүүлөрүнүн негизинде жазылды.

Өзгөчө Азаров Рахаттын алгылыктуу көмөгү баса белгилөөгө арзыйт.

Зарылкан атабыз жөнүндө жаркын элесин эскерип, жылуу сөздөрүн жазып бергендерге, үй-бүлөсү терең ыраазычылыгын билдирет.

Кээ бир жерде ката кеткен болсо, алдын ала кечирим сурайбыз.

Тыныбеков Замирбек. Азарова Римма.
Т 93 **ӨРНӨКТҮҮ ӨМҮР**: - Б.: "Алтын Принт" 2021. - 192б.
ISBN 978-9967-9333-2-3

Бул китепте – Ысык-Көл өрөөнү эле эмес, Кыргызстандын бир топ жерине атагы чыккан, таанымал, Азаров Зарылкандын кайталангыс өмүрү, элге өрнөк боло турган турмуштук жолу жөнүндө айтылат. Сүрөттөр жана санжыранын схемалары менен толукталды.

Бул китеп – жаштарга өрнөк болсун, кийинки муунга – ата-тегин биле жүрүшсүн деген ой менен окурмандарга сунушталууда.

Китеп боюнча кошумчалар, сунуштар, толуктоолор, эскерүүлөр болсо кабыл алууга даярбыз.

http://sanjyra.com/sanjyra95.html

ISBN 978-9967-9333-2-3

УДК 821.51
ББК 84Ки7-4

© Р.З.Азарова, 2021

Тарыхыбызды жана
ата-бабаларыбызды
унутпайлы.



**Азаров Зарылкан** 1929-жылы 9-январда Ысык-Көл районунун Көк-Дөбө айлында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Атасы **Мендигул уулу Азар** үч бир туугандын кичүүсү болгон. Агалары **Байзак, Жанузак**. Мендигул болсо, өзү жалгыз болгон, атасы Оболбек, Оболбектин атасы Мамбет. Мамбет көп балалуу болгон. Булар, жалпысынан Саяк уруусунан болушат.

Көк-Дөбө айылы Ысык-Көлдүн күнгөй тарабындагы тоолордун этегинде, Ананьево айлынын тушунда жайгашкан. Ананьево айылы болсо, башында Тегирменти деп аталып, кийин 1871-ж. орус калкы көчүп келип отурукташа баштаганда, Тегирментинин ордуна Сазановка деп которулган экен. (Себеби, ошол туштагы сууларда

сазан балыгы көп болгон экен деп айтылат). Андан кийин, ошол айылдын бир топ жашоочулары, Улуу ата-мекендик согушка катышып, алардын ичинен Николай Яковлевич Ананьев (1912-1941), Москва шаарын коргоодо эрдик көрсөтүп каза болуп, ага СССРдын Баатыры деген наам берилет дагы, 1942-жылы туулуп өскөн айылына анын аты коюлган. Ананьево айылы мурда, бир убактарда, Ысык-Көл районунун борбору болгон.

Көпчүлүк эле үй-бүлөлөрдөй, Азаров Зарылкан менен өмүрлүк жары Токтобаева Уулбүбүнүн турмуш жолдорунда кыйынчылыктар дагы, жакшылыктар дагы болуп келди. Кыйынчылыкка чөкпөй, жакшылыкка көппөй дегендей, кылган жумуштарын ак ниеттүүлук, берилгендикте так аткарышып, бала-бакыраларына жана элге-журтка өрнөк боло турган бакубат жашоолорун өткөрүп келишүүдө. Жашоолорун жөн эле өткөрбөстөн, эли-жерине күйүп бышып, колдорунан келишинче жардамдарын көрсөтүп келишти.

Анда эмесе сөз башынан болсун...